| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА |
|---|---|---|
| ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br>ТАМГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТАМГИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

Эл депутаттарынын Тамга айылдык Кеңешинин XXVIII
чакырылышынын XI сессиясы

# ТОКТОМ

2022-жылдын 11-марттагы № 4 Тамга айылы

**Тамга айыл аймагындагы «Сары-Төр» суу пайдалануучулар ассоциасынын ирригациялык, дренаждык тутумдарын жана суу чарба курулмаларын муниципалдык менчикке алууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларынын 2021-жылдын 10-декабрындагы Суу Кодексинин № 151 мыйзамынын 16-беренесине ылайык, Тамга айыл аймагындагы «Сары-Төр» суу пайдалануучулар ассоциациясынын Кеңешинин №1 протоколу жана зоналдык өкүлдөр жыйынын № 2 протоколунун негизинде Тамга айылдык Кеңеши «Сары-Төр» суу пайдалануучулар ассоциасынын ички чарбалык ирригациялык, дренаждык тутумдарын жана суу чарба курулмаларын Тамга айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикке алуу боюнча карап, таанышып Тамга айылдык Кеңеши токтом кылат:

1. Айыл аймактага ички чарбалык ирригациялык, дренаждык тутумдарын жана суу чарба курулмаларын муниципалдык менчикке алууга макулдук берилсин.
2. Ирригациялык курулмаларды муниципалдык менчиктин объектиси катары реестрге киргизилсин.
3. Сугат сууну берүү боюнча маселелерди жергиликтүү маанидеги маселелер катары чечүүгө чыгымдарды жергиликтүү бюджетинен каржылансын, ал эми ирригациялык кызмат көрсөтүүлөр үчүн акынын наркы субсидий катары берилсин.
4. Ирригациянын өнүктүрүү боюнча Тамга айыл аймагынын программасы иштетилип чыксын.
5. Токтом айыл өкмөтүнүн сайтына жайгаштырылып, юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
6. Токтомдун аткарылышын ишке ашыруу жагы Тамга айылдык аймагынын айыл өкмөт башчысы А.К.Дуйшембиевге тапшырылсын.

Төрагасы: А.Букаров

Жиберилди: иш кагаздарга-1, Тамга а/ө -1.